**К. Акназаров атындагы орто мектебинин 2020-2021 –окуу жылындагы усулдук бирикмелеринин жетекчилеринин жыйынынын**

# №6 ТОКТОМУ

16.11.2020-ж. Чолпон айылы.
Катышты -9.
Катышпаганы-1
Себептүүсү-1

**Күн тартибинде каралуучу маселе.**

**Маселе**: Биринчи чейректеги аткарылган иштердин жыйынтыгы.

**Угулду:1. ОББ. Ж. Алдашованын сөзү:** Биринчи чейректи онлайн форматта жыйынтыктадык. Кандай жыйынтыктадык деп ойлосуздар?

**2. "Табигый илимдер" УБЖ. А.Жунушованын сөзү:** Онлайн окуу менен жакшы көрсөткүчтөрдү берүү кыйынга турат экен.

**3."Технология" УБЖ. Г.Сатарованын сөзү:** Мен да кошулам. Онлайн окууда көп көгөйлөр болду. Балдарды сабакка тартуу кыйынга турду.

Усулдук бирикменин ишин деле алсак кыйын. Ишинди пландаштырасын, бирок сен каалаган жыйынтык жок.

**4. "Математика" УБЖ, С. Калиеванын сөзү:** Балдардын билими төмөндөдү. Бул жерден ата-энелердин да окууга болгон көз караштары да чон рольду ойноду десек болот. Балдарын көзөмөлдөбөгөн ата-энелер да болуп жатты. Ошондой учурда баланы окууга тартуу абдан оор.

**4. "Социология"УБЖ. М.Токторбаеванын сөзү:** Туура айтасыз. Класс жетекчилер деле үйлөрүн кыдырып, ата-энелер менен да, окуучулар менен да иш алып барып жатышты. Бирок, мектептен билим бергендей болбойт экен.

**5. "Тилдер" УБЖ. Г. Сатыбалдиеванын сөзү:** Айлык пландарга киргизип, мугалимдерге талап койдук, мугалим тараптан эле аракет болуп, окуучу жана ата-эне тараптан да болбосо абдан кыйын экен.

**6. "Дене тарбия" УБЖ. Б. Сабитовдун сөзү:** Электрондук күндөлүк менен канча кыйналдык, дагы деле кыйналгандар бар. Окуучулар гана эмес, биз, мугалимдер деле кыйналдык. Күндөлүккө киресиң, кире албагандарга вацаптан кайра түшүндүрөсүн. Артыкча дене тарбия мугалимдери кыйналдык. Көнүгүнү түшүндүрүш кыйын, кээде дене тарбиядан берген агайлар чогулуп алып бир көнүгүнү көрсөтүп бири бирибизди видеого тартып, балдарга вацап аркылуу жөнөтөбүз.

**6. ОББ. Ж. Алдашованын сөзү:** Силер айткандын баары туура. Ошого карабастан талаптарды мугалимдерге койушубуз керек. Ушул айда ар бир усулдук бирикменин жетекчиси, усулдук бирикменердеги мугалимдердин портфолиосун, талантуу балдар менен иштөөсүн, начар окууган балдар менен иштөөсүн карап чыксаңар.

**Жогорудагы маселе боюнча айтылган сөздөрду угуп жана талкуулап, усулдук бирикмелердин кеңеши токтом кылат:**

1. К. Акназаров атындагы орто мектебинин 2020-2021-окуу жылынын биринчи чейрегинин жыйынтыгын негизинде, экинчи чейректе жакшы көрсөткүч берүүгө усулдук иштерин карап чыгуу, усулдук бирикмелердин жетекчилерине милдеттендирилсин.
2. Баардык усулдун мугалимдеринин портфолиолорун, талантуу балдар жана начар окууган окуучулар менен иштөөсүн көзөмөлгө алууну усулдук бирикмелердин жетекчилерине милдеттендирилсин.

ОББ.: / / Ж. Алдашова.
Катчы:/ / М. Токторбаева

**К. Акназаров атындагы орто мектебинин 2020-2021 –окуу жылындагы усулдук бирикмелердин жетекчилеринин жыйынынын**

## №7 ТОКТОМУ

16.01.2021-ж.
Катышты -9.
Катышпаганы
Себептүүсү

Чолпон айылы.

**Күн тартибинде каралуучу маселе.**

**Маселе**: 1. Биринчи жарым жылдыкта өтүлгөн декадалардын жыйынтыктары.
2. Экинчи жарым жылдыктын усулдук бирикмелердин ишин жана айлык пландарын карап чыгуу

**Угулду**: **1. ОББ. Ж. Алдашованын сөзү:** Ошентип окуунун биринчи жарым жылдыгын аяктап, экинчи жарым жылдыкка кадам таштадык. Биринчи жарым жылдыктын башы онлайн окуусак да, декадаларды онлай форматта өттүк. Ар бир усулдук бирикменин жетекчилери жана усулдагы предметтик мугалимдер онлайн болсо да, декада учурунда аракет кылышып видео сабактарды даярдашты.
**2. "Башталгыч класстар" УБЖ. С. Усупканованын сөзү:** Биздин декадада мугалимдер аракеттерин көрсөтүштү. Жакшы көрсөтмөлүү сабактарды даярдашты.
**3. "Табигый илимдер" УБЖ. А.Жунушованын сөзү:** Декадалар башталa электе мугалимдерге жардам кылып семинарларды өткөргөнүнөр жакшы болду. Ошол семинарлар да абдан жардам берди.
**4. "Тилдер" УБЖ. Г. Сатыбалдиеванын сөзү:** Биздин декада да эки мугалим даярдаган жок, бирөөсү себептүү, ал эми экинчиси себепсиз эле даярдаган жок. Калган мугалимдер жакшы сабактарды даярдап көрсөтүштү.
**5. "Социология"УБЖ. М.Токторбаеванын сөзү:** Телефонду такыр түшүнбөйбүз деген улуу эжийлер, агайлар да аракет кылып жаштардан жардам сурап видео сабактарды даярдашты.
**6. ОББ. Ж. Алдашованын сөзү:** Биринчи жарым жылдыктагы декадалар жакшы өттүү десек болот. Эми экинчи жарым жылдыкта усулдук бирикмелердин ишин пландаштырсак. Экинчи жарым жылдыкта да иштерибиз максаттуу болуш керек. Декадалардын графигин түзүп жана усулдун ичиндеги иштеринерди да кайрадан карап чыгышыбыз керек. Ушул

экинчи жарым жылдыкта башталгыч класстын билим сапатына көбүрөөк басым койсок. Ар бир предмет боюнча ар бир айга текшерүү койсок. Тешерүүнү чогу усулдук бирикменин жетекчилери да кошо жардам беришет.

**7. “Башталгыч класстар” УБЖ. С. Усупкановanын сөзү:** Туура айтасын, орус тил сабагы боюнча текшерүү болсо, кайсыл усулга караштуу болсо, ошол усулдун жетекчиси кошо текшерүүдө болот турбайбы.

**8. “Технология” УБЖ. Г. Сатарованын сөзү:** Завуч менен кошо бирге текшерсек, бизге да жакшы болот. Усулдагы мугалимдер кандай иштеп жатканын да билебиз.

**9. “Математика” УБЖ. С. Калиеванын сөзү:** Ар бир мугалимдин ишин баалаганга да жакшы болот.

**Жогорудагы маселе боюнча айтылган сөздөрду угуп жана талкуулап, усулдук бирикмелердин кеңеши токтом кылат:**

1. К. Акназаров атындагы орто мектебинин усулдук бирикмелеринин декадаларынын ачык сабактарын өткөрүүдө, мугалимдер өтүүсүн усулдук бирикмелеринин жетекчилерине милдеттендирилсин.
2. Экинчи жарым жылдыктын айлык пландарын бекиттирүү, декадалардын графигин түзүү усулдук бирикмелердин жетекчилерине милдеттендирилсин.

ОББ.: / / Ж. Алдашова.
Катчы:/ / М. Токторбаева

**К. Акназаров атындагы орто мектебинин 2020-2021 –окуу жылындагы башталгыч класстар усулдук бирикмесинин жыйынынын**

# №4 ТОКТОМУ

11..03.2021-ж. Чолпон айылы.
Катышты -11.
Катышпаганы.
Себептүүсү

**Күн тартибинде каралуучу маселе.**

**Маселе**: 2-4-класста окууган окуучулардын билим сапатын текшерүүнүн жыйынтыгы.

**Угулду:1. ОББ. Ж. Алдашованын сөзү:** 1-марттан 5-мартка чейин башталгыч класстагы 2-4-класстарда окууган окуучулардын билим сапаты текшерилди. Окуучулардын жазуу жөндөмү, көркөм окуусу, эсептөө жөндөмдөрү текшерилди. Математика сабагынан текшерүү иши жана кыргыз тили сабагынан жат жазуу алынды. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча "Башталгыч класстарынын" усулдук бирикмесинин жетекчиси Усупканова Света эжей маалымат берет.

**2. "Башталгыч класстар" УБЖ. С. Усупканованын сөзү:** Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча: **2$^{а}$-класс**, класс жетекчиси Андагулова Гүлзар.
Окуучулардын сүйлөмдөгү сөздөрдү элементи менен жазуусу, байланыштыруусу "орто". Дептерлер убагында текшерилип турат, иреттүү.
Тексти окууда тыныш белгилерине токтолуп, интонацияга көңүл бурушпайт.
Эсептөө жөндөмдөрүү "орто", программалык талапка жооп бере алышпайт.
Текшерүү ишин 17 окуучу жазды, 60% процент көрсөттүү, жат жазууну 19 окуучу жазып, 57% процент көрсөттүү.

**2$^{б}$-класс:** Класс жетекчиси Жекшеналиева Махабат. Жалпысынан алганда бул класстын билими "орто". Жазуу жөндөмү, жазуу элементтери "орто". Дептерлердин жалпы абалы иреттүү, таза. Убагында текшерилип турат. Окуучулар сөздөрдү туура окушат, тыныш жасай алышат.
Айрым окуучулар жадыбалды жатташа элек. Текшерүү ишти 69% процентке, ал эми жат жазууну 60% процентке жазышкан.

**3ᵃ-класс:** Класс жетекчиси Усупканова Света . Окуучулардын бардыгы окуу көндүмдөрүнүн талаптарына жооп берет. Эрежелерди эске сактоо менен окушат. Баардык окуучулардын дептерлеринин абалы жакшы, таза жана ирееттүү. Убагында текшерилип турат.

Жат жазууну 21 окуучу жазды 60% процент көрсөткүч берди.

Текшерүү ишит 21 окуучу жазды 55% процент көрсөткүч берди.

Класстын жалпы билим деңгээли "жакшы".

**3ᵇ-класс:** Класс жетекчиси Акунова Нур. Окуучулардын сөздөрдү өз элементи менен жазуусу "жакшы" деңгээлде.

Дептерлери өз убагында текшерилип турат. Дептерлеринин абалы жакшы, таза. Окуучулар берилген тексти окууда тыныш белгилерине токтолуусу, интонацияга көңүл буруп окуушат. Оозеки эсептөөлөрү "орто". Жадыбалды 20 окуучудан 7 гана окуучу жакшы айтып бере алды.

Текшерүү ишти 20 окуучу жазып, 65% процент көрсөткүч берди

Жат жазууну 20 окуучу жазып 60% процент көрсөткүч берди

**3ᵛ-класс:** Клас жетекчиси Кадырбекова Акылжан.

Окуучулардын дептерлери убагында текшерилет. Дептерлери таза, ирееттүү. Окуучулардын жазуу жөндөмдөрү "орто". Текстерди окуусу тыныш белгилерин эске сактоосу "начар". Оозеки эсептөөлөрү, жадыбалды жатка айтуусу,эрежелерди эске сактоолору "начар".

Текшерүү ишти 17 окуучу жазып, 56% процент көрсөткүч берди

Жат жазууну 16 окуучу жазып 60% процент көрсөткүч берди

**4ᵃ-класс:** Класс жетекчиси Үмөталиева Айсалкын.

Окуучулардын жазуулары, сүйлөмдү, сөздү өз элементи менен жазуулары "жакшы". Дептерлери сыртталган, таза, өз убагында текшерилет.

Тексти окууда шар, көркөмдөп окушат. Интонацияларды жасап, туура окушат. Окуучулардын эсептөө жөндөмү "орто". Математикалык терминдерди так айта алышпайт. Жадыбалды баардык окуучулар жатка биле элек.

Текшерүү ишин 16 окуучу жазган. 60% процент көрсөттүү.

Жат жазууну 16 окуучу жазган. 57% процент көрсөткүч берди.

**4ᵇ-класс:** Класс жетекчиси Бейшекеева Чолпон.

Окуучулардын жазуу жөндөмдүүлүктөрү жакшы. Дептерлери таза, ирееттүү, убагында текшерилип турат. Окуучулардын айрымдары интонацияны сактап окууну эске алышпайт. Окуучулардын көбү жадыбалды эске сактоолору "орто". Математикалык терминдерди колдонушпайт.

Текшерүү ишин 15 окуучу жазып, 63% көрсөттүү.

Жат жазууну 60% көрсөттүү.

**Жогорудагы маселе боюнча айтылган сөздөрду угуп жана талкуулап, "Баштиалгыч класстар"усулдук бирикмесинин мугалимдеринин кеңеши токтом кылат:**

1. К. Акназаров атындагы орто мектебинин башталгыч класстардын 2-4 класстарда окууган окуучулардын билим сапатын текшерүүсүнүн жыйынтыгынын низинде:

- 2[а]-классынын класс жетекчиси Андагулова Гулзарга окуу жөндөмү "начар" окуучулар Канатова А., Амангелдиева А., Кенжебеков Н., Нургазиев Н., Жеңишбеков Д. менен кошумча иштөөсүн жана класстын эсептөө жөндөмүнө көбүрөөк көңүл бөлүп, үзгүлтүксүз иш жүргүзүү.
- 2[б]-классынын класс жетекчиси Жекшеналиева Махабат окуу жөндөмү "начар" окуучулар Асанбеков М., Эрланов Б., менен кошумча иштөөсүн жана класстын эсептөө жөндөмүнө көбүрөөк көңүл бөлүп, үзгүлтүксүз иш жүргүзүү.
- 3[а]-классынын класс жетекчиси Усупканова Света окуу жөндөмү "начар" окуучу Касымова К. менен кошумча иштөөсүн.
- 3[б]-классынын класс жетекчиси Акунова Нур окуу жөндөмү "начар" окуучу Жумабекова К. менен кошумча иштөөсүн жана класстын эсептөө жөндөмүнө көбүрөөк көңүл бөлүп, үзгүлтүксүз иш жүргүзүү.
- 3[в]-классынын класс жетекчиси Кадырбекова Акылжан окуу жөндөмү "начар" окуучулар Жумабеков Н., Шаршеналиев Т. менен кошумча иштөөсүн жана кол жазмаларын оңдоо иштерин Кенжебеков Э., Сапанов У. менен иш алып баруусун. Класстын эсептөө жөндөмүнө көбүрөөк көңүл бөлүп, үзгүлтүксүз иш жүргүзүү.
- 4[а]-классынын класс жетекчиси Үмөталиева Айсалкын эжей окуу жөндөмү "начар" окуучу Канатбек кызы А. жана кол жазмаларын оңдоо иштерин Алкадыров Д., Заирбеков Т. менен кошумча иш алып баруусун. Класстын эсептөө жөндөмүнө көбүрөөк көңүл бөлүп, үзгүлтүксүз иш жүргүзүү.
- 4[б]-классынын класс жетекчиси Бейшекеева Чолпон окуу жөндөмү "начар" окуучу Эсенов Б. , Каныбек уулу А. менен кошумча иш алып барып жана эсептөө жөндөмүнө көбүрөөк көңүл бөлүп, үзгүлтүксүз иш жүргүзүү милдеттендирилсин.

ОББ.: / / Ж. Алдашова.
Катчы:/ / М. Токторбаева